| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025- жылдын 25-марты № 6/22**

**Кадамжай район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөл борборунун Кызыл-Кыя шаардык бөлүмүнүн (СЭС) жана Кадамжай райондук ветеринардык башкармалыгынын Кызыл-Кыя шаардык ветеринардык бөлүмүнүн аткарган иштери жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, маселе шаардык кенештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 07-мартындагы №4 протоколу менен каралгандыгын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөл борборунун Кызыл-Кыя шаардык бөлүмүнүн (СЭС) жана Кадамжай райондук ветеринардык башкармалыгынын Кызыл-Кыя шаардык ветеринардык бөлүмүнүн 2024-жылы аткарган иштери жөнүндө маалыматтары эске алынсын.
2. Кадамжай район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөл борборунун Кызыл-Кыя шаардык бөлүмүнүн башчысы Г.Сабировага милдеттендирилсин:
   - инфекциялык ооруулардын алдын алуу максатында, калк арасында профилактикалык жана түшүндүрүү иштерин туруктуу жүргүзүүнү активдештирүү;
   - калктын ден соолугуна кам көрүү максатында көчөлөрдө, базарда сатылып жаткан тамак-аш-эт продуктыларынын сакталуусу жана сатылуусу (айрыкча жаз-жай айларында тез бузулуучу тамак-аштар), коомдук тамак-аш жайларынын санитардык-гигиеналык абалын көзөмөлгө алуусун күчөтүү;
   - навайканалардын санитардык абалын жана бышырылып жаткан нандардын сапатын текшерүү жана чара көрүү;
   - жугуштуу ооруулардын алдын алуу максатында, менчигинин түрүнө карабай медициналык кызматкерлердин, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин жана тамак-аш сатуучу жайлардын кызматкерлеринин санитардык кароодон өтүп, санитардык китепчелеринин толтурулуусуна көзөмөлдү күчөтүү;
   - эмканада колдонуучу медициналык аппараттардын дезинфекциялоодон өтүүсүнө, медициналык кызматкерлердин санитардык-эпидемиологиялык нормаларды сактоосуна өзгөчө көзөмөл жүргүзүү;
   - мектепке чейинки балдардын, окуучулардын жана студенттердин ден соолугуна кам көрүү максатында, бала бакчаларда, мектептердин класстарындагы жана окуу жайлардын окуу корпустарындагы температуралык режимдердин сакталышына жана балдарга даярдалуучу тамак-аштын сапатына көзөмөлдөө жүргүзүү;

- өлгөн мал жандыктарын жана жолбун иттерди таштоочу “ Беккарь” чункурун, шаардын таштанды таштоочу жайларын, таштанды таштоочу полигонду ар жума сайын дезинфекциялоону жүргүзүү жана аткарылган иштер боюнча шаардык кеңешке маалымат берүү;
- Мэрия жана “Сууканал” муниципалдык ишканасынын кызматкерлери менен биргеликте “Таштемир ажы” борбордук базарындагы ашканалардын жана Джал, Солнышко көчөлөрүнүн тургундарынын үйлөрүнөн чыккан сыркынды суулардын кетүү жолдорун мониторингдөө жана эреже бузуу аныкталса чара көрүү, аткарылган иш-чаралар боюнча шаардык кенешке 1 айлык мөөнөттө маалымат берүү жагы.

3. Кадамжай райондук ветеринардык башкармалыгынын башчысы С.Калыковго жана Кызыл-Кыя шаардык ветеринардык бөлүмүнүн инспектору М.Матраимовго милдеттендирилсин:
   - мал жандыктарынан жугуучу инфекциялык (кутурма, бруцеллез, сибирь жарасы ж.б.у.с.) оорулардын алдын алуу максатында, калк арасында профилактикалык жана түшүндүрүү иштерин туруктуу жүргүзүү;
   - Кызыл-Кыя шаарынын аймагына кирүүчү мал жандыктарынын жана базарларда, дүкөндөрдө сатылуучу эттердин ветеринардык-лабораториялык текшерүүдөн өтүүсүн камсыздоо;
   - шаардын аймагында мал жандыктарынын жана иттердин санын тактоо, учетко алуу жана алардын өз убагында эмдөөдөн өтүүсү үчүн вакциналар менен камсыздоо.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Аматов**